ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин
Окумуштуулар Кеңешинин кезектеги жыйынынын

# №5 ПРОТОКОЛУ

*26-февраль, 2020-жыл.*

*Төрага:* У.А. Сопуев
*Окумуштуу катчы:* Н.А. Абдирайимова
*Катышкандар*: Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү – 33 мүчөсүнөн 24 мүчөсү бар.

Кворум бар (каттоо барагы тиркелет).

*Күн тартиби:*
1. 2019-2020-окуу жылындагы окуу-тарбиялык иштердин жарым жылдык жыйынтыктары жана жаңы окуу жылына карата милдеттер *(баяндамачы: МИТФнин деканынын окуу-иштери боюнча орун басары, тех.и.к. доцент А.Ж. Кудуев);*
2. Программалык аккредитациядан өтүү үчүн адистиктердин даярдыгынын учурдагы абалы жана алдыдагы милдеттери *(баяндамачылар: программа жетекчилери);*
3. Ар түрдүү маселелер;
4. Конкурстук шайлоолор.

**Угулду**: МИТ факультетинин деканы У.А. Сопуев күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды.
Окумуштуулар Кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту. Регламент боюнча 1-маселеге ар бир программа жетекчилерине 7-15 минутага чейин убакыт, ал эми талкууларга 5 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдоого алынды.

**1-маселе**
**Угулду:**
**Сөзгө чыкты:**

2019-2020-окуу жылындагы окуу-тарбиялык иштердин жарым жылдык жыйынтыктары жана жаңы окуу жылына карата милдеттер боюнча деканынын окуу-иштеринин орун басары, тех.и.к. доцент А.Ж. Кудуевдин билдирүүсү угулду (отчет тиркелет).

Биринчи маселе боюнча жогоруда белгиленген материалдардын, пикирлердин, баяндамада, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңеши **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 2019-2020-окуу жылынын 1-семестринин 1-жарым жылдыгынын эсеп-кысабы боюнча декандын окуу иштери боюнча орун басары доцент А.Ж. Кудуевдин ***билдирүүсү*** эске алынсын.

2. Факультетте окуу процессин уюштуруу жана окутуунун сапатын мындан ары жогорулатуу максатында төмөнкү иш-чаралар аткарылсын:

2.1. студенттердин билимин баалоодо окутуучулар тарабынан балл топтоонун эрежелери сакталбагандыгына байланыштуу, окутуучулар үчүн квалификациясын жогурулатуу максатында ОМК ларды түзүү жана аларды AVN маалыматтык системасына жайгаштыруу боюнча семинар уюштурулсун *(жооптуулар: кафедра башчылары, усулдук кеңеш);*

2.2. профессордук-окутуучулук курамдын сапаттык көрсөткүчүн жана билим берүүнүн сапатын көтөрүү максатында студенттерди, окутуучуларды анкетирлөөнүн, жыйынтыгын анализдөөнүн жана уюштурулуучу иш-чаралардын жоболору иштелип чыксын *(жооптуулар: усулдук кеңеш, деканат);*

2.3. кафедраларда студенттердин билим сапатын жогорулатуу максатында иш алып барган кружоктордун иш аракеттери күчөтүлсүн *(жооптуулар: тиешелүү бүтүрүүчү кафедралар, усулдук кеңеш, декандын илимий иштери боюнча орун басары);*

2.4. окутуучулардын ачык сабактарды өтүү, ачык сабактын иштелмелерин түзүү, өз ара сабактарга катышуу жана аларга анализ берүү күчөтүлсүн *(кафедра башчылары, усулдук кеңеш, деканат)*;

2.5. профессордук-окутуучулук курамдын сапаттык көрсөткүчүн көтөрүү максатында ар бир окутуучунун иш ордун талапка жооп бере тургандай денгээлде уюштурулуп берилсин, б.а. стол, стул, компьютер, принтер менен камсыздалсын *(жооптуулар: кафедра башчылары);*

2.6. окуу кааналардын багытка/адистикке багытталып жабдылышы жана жасалгаланышы колго алынсын *(жооптуулар: программа жетекчилери, жумушчу топтор)*;

2.7. интерактивдүү доскалардын колдонулушу колго алынсын, окутуучуларга интерактивдүү досканы иштетүү боюнча семинар уюштурулсун *(жооптуулар: усулдук кеңеш, кафедра башчылары, компьютердик борбор)*;

2.8. Дистанттык технологияларды колдонуу менен сырттан окуу бөлүмүнүн студенттери менен On-line байланышты (Facebook, Whatsapp) түзүү күчөтүлсүн *(Жоoптуулар: кураторлор, сырттан окуу бөлүмүнү методисти Мурзакматова З.);*

2.9. бүтүрүүчүлөр, иш берүүчүлөр жана ата-энелер менен жолугушууларды өткөрүү күчөтүлсүн *(жооптуулар: Ойчуева Р., кафедра башчылары, кураторлор);*

2.10. студенттердин контингентин көбөйтүү жана сактоо максатында кесипке багыттоо иш чараларды жүргүзүү күчөтүлсүн *(жооптуулар: кафедра башчылар, окутуучулар);*

2.11. тайпалардын абсолюттук жана сапаттык көрсөткүчтөрү төмөндүгүнүн себептери анализденип тиешелүү иш чаралар көрүлсүн *(жооптуулар: кураторлору, тиешелүү бүтүрүүчү кафедралар, деканат);*

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө декандын окуу иштери боюнча орун басары А.Ж. Кудуевге жүктөлсүн.

**2-маселе**

Программалык аккредитациядан өтүү үчүн адистиктердин даярдыгынын учурдагы абалы жана алдыдагы милдеттери боюнча программа жетекчилери баяндама жасашты.

**Угулду:**

*Н. Аркабаев. (Программалоо кафедрасынын башчысынын милдетин аткаруучу, доцент):* биздин кафедрага тиешелүү болгон бакалавр багытында 3 программа жана

магистр багытында 1 программа боюнча иш алып барып жатабыз. Бул программалар боюнча жумушчу топ түзүлүп, алар тиешелүү иштерди жүргүзүп жатышат. Андан сырткары отчет даярдалып жатат. Отчетту 2-матрка даярдап бүтөбүз.

*У. Молдояров (ИТАС кафедрасынын башчысынын милдетин аткаруучу, доцент):* ИТАС кафедрасы 2 программа боюнча аккредитацияга даярданып жатабыз. Ал үчүн беш пунктан турган иш-план иштелип чыккан. Ага жумушчу топ түзүлгөн, буйруктар чыгарылган. Ички мобилдүүлук боюнча 8 мугалим Бишкек, Талас ж.б. шаарларында командировкага барып келишти. Аккредитацияга даярдык жакшы. Андан сырткары сырткы жана ички мобилдүүлук боюнча бир нече иштер аткарылып жатат. Биз дагы 2-мартка даярдап, текшерүүгө беребиз.

*А.Д.Аттокурова (МИОМ жана ББМ кафедрасынын башчысы, доцент)*: Физика-математика багытын аккредитациядан өткөрүү милдети турат. Аккредитация боюнча семинарларды уюштуруп жатабыз. Матанализ, алгебра жана геометрия кафедралары менен байланышып, иштерди алып барып жатабыз. Биз дагы 2- мартка даярдап, текшерүүгө беребиз.

*Эркебаев У. (Информатика кафедрасынын доценти)*: Информатика кафедрасы бакалавр, магистр багыттары боюнча иш алып барып жатабыз. Отчет даярдалып жатат.

*Папиева Т.М. (Алгебра жана геометрия кафедрасынын башчысы, доцент)*: эки багыт боюнча бүтүрүүчү кафедра болуп эсептелинебиз. НББП иштелип чыккан ички жана сырткы стейкхолдерлер менен иш жүргүзүлүп жатат. Ал үчүн бир топ жумуштар аткарылып жатат. Отчет дээрлик бутту. Биз дагы 2-мартка чейин отчетту бүтүп, текшерүүгө беребиз.

Экинчи маселе боюнча программа жетекчилеринин маалымдоолорун талкуулоонун жана аны негизинен жактыруу керек деген сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. МИТ факультетинин бакалавр багыттарын жана магистр программаларын программалык аккредитациядан өткөрүү иштери жандандырылсын;
2. Аккредитациядан өтүү үчүн өздүк отчеттор текшерүүдөн өткөрүлсүн.

**Ар түрдүү маселелер:**

а) ИТАС кафедрасынын улук окутуучусу А.Д. Садановдун илимий ишинин темасын жана илимий жетекчисин өзгөртүү жөнүндө.

*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* бул маселе 2019-жылдын 20-февралында МИОТжББМ кафедрасынын №6 кеңешмесинде каралып, кафедра мүчөлөрү тарабынан талкуулангандыгы жөнүндө билдирүү келип түшкөн. Тиешелүү документтер тиркелген.

Бул диссертациялык жумуштун мурдагы темасы 13.00.01-жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча “Болочок информатика мугалимдеринин профессионалдык даярдыгын калыптандыруунун педагогикалык негиздери” аталышында болгон. Диссертациялык жумуштун темасы 13.00.08 - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча “Болочок информатика мугалимдеринин профилдик компетенциясын калыптандырууну өркүндөтүүнүн дидактикалык негиздери” деген аталышта өзгөртүлдү. Илимий жетекчи п.и.д., профессор

Алиев Шаршеналы Алиевич. А.Д. Садановдун “Болочок информатика мугалимдеринин профилдик компетенциясын калыптандырууну өркүндөтүүнүн дидактикалык негиздери” деген кандидаттык диссертациясынын темасын жана диссертациялык жумушка илимий жетекчи катары п.и.д., профессор А.Ш. Алиевди бекитип берүү сунушун киргизем.

Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту.

**ЧЕЧИМ:**

1. ОшМУнун МИТ факультетинин ИТАС кафедрасынын улук окутуучусу А.Д. Садановдун 13.00.08 - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча “Болочок информатика мугалимдеринин профилдик компетенциясын калыптандырууну өркүндөтүүнүн дидактикалык негиздери” деген илимий темасы бекитилсин жана илимий жетекчи катары п.и.д., профессор А.Ш. Алиев дайындалсын;
2. Бул чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.

б) 2019-2020-окуу жылында өткөрүлүүчү “ОшМУнун мыкты окутуучусу”, “ОшМУнун мыкты лектору” жана “ОшМУдагы дисциплинанын мыкты окуу-методикалык комплекси” конкурстарына катышуучу талапкерлердин маселесин кароо.

**Угулду**: *У. А. Сопуев (МИТ факультетинин деканы):* 2019-2020-окуу жылында өткөрүлүүчү “ОшМУнун мыкты окутуучусу”, “ОшМУнун мыкты лектору” жана “ОшМУдагы дисциплинанын мыкты окуу-методикалык комплекси” конкурстарына катышуу үчүн факультетибиздин окутуучулары өз арыздарын беришкен. Тиешелүү кафедралар конкурска катышып жаткан талапкерлердин окуу-методикалык документациясын жана сабактарын анализдеп, кафедранын мыкты окутуучусун жана лекторун аныкташты. Андан кийин факультеттин ПО курамынын ичинен кесиптик билим берүүдө педагогикалык, илимий жана коомдук алгылыктуу тажрыйбага ээ окутуучулардан турган комиссия кафедралардан аныкталган мыкты окутуучулардын жана лекторлордун сабактарына катышышып, жыйынтыгында факультеттин мыкты лекторун, окутуучусун аныкташты жана төмөнкү окутуучулар университеттик турга катышууга сунушталды:

1) Программалоо кафедрасынын окутуучусу Г. Омаралиева “ОшМУнун мыкты окутуучусу” конкурсуна катышуу үчүн;
2) Информатика кафедрасынын улук окутуучусу Г. Шамшиева “ОшМУнун мыкты лектору” конкурсуна катышуу үчүн;
3) Программалоо кафедрасынын улук окутуучусу Н. Абдирайимова “ОшМУдагы дисциплинанын мыкты окуу-методикалык комплекси” конкурстарына катышуу үчүн.

Бул талапкерлерди университеттик турга катышууга сунуштайм. Ошондуктан Окумуштуу Кеңештин мүчөрүнөн сунушту колдоп берүүңүздөрдү суранам.

*Д. Зулпукарова (МИТ факультетинин усулдук кеңешинин төрайымы):* 2019-2020-окуу жылында өткөрүлүүчү “ОшМУнун мыкты окутуучусу”, “ОшМУнун мыкты лектору” жана “ОшМУдагы дисциплинанын мыкты окуу-методикалык комплекси” конкурстарына катышуу үчүн факультетибиздин окутуучулары ачык сабактарды өтүштү жана алардын жыйынтыгын негизинде Программалоо кафедрасынын окутуучусу Г. Омаралиева “ОшМУнун мыкты окутуучусу” конкурсуна катышуу үчүн жана Информатика кафедрасынын улук окутуучусу Г. Шамшиева “ОшМУнун мыкты лектору” конкурсуна

катышуу үчүн тандалып алынды. Бул окутуучулар конкурста жакшы жайынтыктарга жетет деп ойлойм. Ошондуктан бул сунушту колдоп берүүңүздөрдү суранам.

Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту.

***ЧЕЧИМ:***

2019-2020-окуу жылында өткөрүлүүчү "ОшМУнун мыкты окутуучусу", "ОшМУнун мыкты лектору" жана "ОшМУдагы дисциплинанын мыкты окуу-методикалык комплекси" конкурстарына катышуу үчүн факультетибиздин төмөнкү окутуучулары сунушталсын:

1) Программалоо кафедрасынын окутуучусу Г. Омаралиева "ОшМУнун мыкты окутуучусу" конкурсуна катышуу үчүн;
2) Информатика кафедрасынын улук окутуучусу Г. Шамшиева "ОшМУнун мыкты лектору" конкурсуна катышуу үчүн;
3) Программалоо кафедрасынын улук окутуучусу Н. Абдирайимова "ОшМУдагы дисциплинанын мыкты окуу-методикалык комплекси" конкурстарына катышуу үчүн.

в) 2019-2020-окуу жылында өткөрүлүүчү "ОшМУ нун мыкты студенти" конкурсуна катышуучу талапкерлердин маселесин кароо.

**Угулду**: *У.А. Сопуев (МИТ факультетинин деканы):* 2019-2020-окуу жылында өткөрүлүүчү "ОшМУ нун мыкты студенти" конкурсуна катышуу үчүн факультетибиздин беш студенти өз арыздарын беришкен. Бул студенттер факультетибиздин алдынкы студенттери болуп, окуудагы мыкты жетишкендиктерге ээ. Ошондуктан Окумуштуу Кеңештин мүчөрүнөн сунушту колдоп берүүңүздөрдү суранам.

*К. Шакиров (МИТ факультетинин деканынын тарбиялык иштер боюнча орун басары):* окуудагы мыкты жетишкендиктери жана факультеттик, университеттик жана шаардык коомдук жана маданий иш-чараларга активдүү катышкан беш студентибиз 2019-2020-окуу жылында өткөрүлүүчү "ОшМУ нун мыкты студенти" конкурсуна катышып жатышат. Бул студенттер факультетибиздин алдынкы студенттери болгондуктан конкурста жакшы жайынтыктарга жетет деп ойлойм. Ошондуктан бул сунушту колдоп берүүңүздөрдү суранам.

Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту.

***ЧЕЧИМ:***

2019-2020-окуу жылында өткөрүлүүчү "ОшМУ нун мыкты студенти" конкурсуна окуудагы мыкты жетишкендиктери жана факультеттик, университеттик жана шаардык коомдук, маданий иш-чараларга активдүү катышкандыгы үчүн **"Математика жана информациялык технологиялар"** факультетинин төмөнкү студенттери конкурска катышууга сунушталсын:

1. Кубанычбек кызы Жумагул ПМИ(б)-2-16(р) тайпасынын студенти.
2. Сатыбалдиева Гулзина ИК(б)-1-16 тайпасынын студенти.
3. Алиева Зинат ИК(б)-1-17 тайпасынын студенти.
4. Атаходжаева Мутабархон ИК(б)-1-17 тайпасынын студенти.
5. Сыдыкова Бегимай Бактияровна ПМИ(б)-1-16 тайпасынын студенти.

**4-маселе.**

**Конкурстук шайлоолор:**

МИТ факультетинин ИТАС кафедрасынын улук окутуучусу Ажибекова Айзада Токтогуловнаны аталган кафедранын улук окутуучулук кызмат ордуна конкурстук шайлоодон өткөрүү.

**Конкурстук шайлоонун жыйынтыгы:**

“Макул”-24

“Каршы”-жок

“Калыс”-жок

“Жараксыз”-жок

Күн тартибиндеги маселени карап чыгып, Окумуштуулар Кеңеши

**ТОКТОМ** кылат:

1. МИТ факультетинин ИТАС кафедрасынын улук окутуучусу Ажибекова Айзада Токтогуловнаны аталган кафедранын улук окутуучулук кызмат ордуна шайланды деп эсептелсин;

2. МИТ факультетинин ИТАС кафедрасынын улук окутуучусу Ажибекова Айзада Токтогуловнаны аталган кафедранын улук окутуучулук кызмат ордуна шайлангандыгы боюнча чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун ректорунан суралсын.

Окумуштуулар Кеңешинин

төрагасы: Сопуев А.У.

ДЕКАНАТ

Окумуштуу катчы: Абдирайимова Н.А.